УДК 894. 341

Т.А. Байтикова.

# АЛЫКУЛДУН ПОЭЗИЯСЫНА АР КЫЛ ОЙЛОР

*Макалада белгилүү кыргыз элинин улуу акыны А. Осмоновдун чыгармачылыгына арналган айрым эмгектер талдоого алынды. Сынчы-адабиятчылардын ар кандай ой-толгоолору. Берген баалары туурасында сөз козголду.*

Кыргыз профессионал адабиятын изилдөөнүн бир бөлүгү болгон адабий сын майданында сынчылардын жоон тобу эмгектенип келет. Алардын сын макалалары көркөм чындыктын тегерегинде өз деңгээлдерине жараша адабий коомчулуктан орун алууда. Сынчылар кезегинде талдоого алган чыгарманы өздүк мүмкүнчүлүктөрүнө жараша үйрөнүп, өздөштүрүп, талдоого алып, туура баа берүүгө, терең анализдөөгө умтулушат. Сынчылардын ичинен да өз табитине жараша кээ бирөөлөрү поэзия жанрына көбүрөөк кайрылышса, айрымдары прозага басым коюшат. Тандалган тема айтып тургандай, кыргыздын улуу акыны –Алыкул Осмоновдун чыгармачылык кенин казып келишкен сынчы-адабиятчылардын ой толгоолорун талдоо максатка ылайык. Алыкулдун көркөм дүйнөсүн иликтөөнү, ошол чыгармачылык кенинде жаткан асыл, баалуу ырларын казып чыгып элге жар салууну, «эмгек өнөрканасы» менен кененирээк таанышууну максат кылып, анын көөнөргүс эмгектеринин ажарын ачууну көздөгөн атайын сынчылардын эмгектери колдоого аларлык. Мисалы, К. Кырбашевдин «Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили», А.Садыковдун «Алыкул Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новаторлук» жана ушул сыяктуу бир катар илимий эмгектер жазылып келүүдө.

Жогорудагы белгилүү адабиятчылардын жекече шыгына, изденүүчүлүк мээнетине жараша аталган эмгектер адабият агымындагы негизги булактардан болуп калды. Илимий эмгектерди атабаганда да, Алыкулдун ыр казанында кайнаган бир топ кыска көлөмдөгү сын макалаларга кайрылуу менен анын поэзиясынын көп кырдуулугунан кабардар болобуз.

Белгилүү адабиятчы Шаршенбек Үмөталиев бул канаттуу поэзияга «канат» бүтүрүп, өтө жогору бийиктикке учуруп жеткирген акындын Ысык-

Көлгө арнаган пейзаждык лирикалары деген ойду айтат. «...Алыкулга чейин көл мынчалык өзүнүн өңүнө чыккан эмес да, акындын калеми көлдөй терең поэзияга сүңгүп кире алган эмес. Ажарын ача сүрөттөгөн акынга көл да ашык, улам бир жагы менен суктанткан көлгө акын да ашык. Булар бирин-бири куушуп, биринин көркүнөн бири өтөт... Акын көл жөнүндө көп жазса да, ал теманын акыр аягына чейин иштеп чыгуудан айныган жок. Көлдүн улам бир сонун, улам бир кооз жагын көрүп отурду да, алардын ар биреөн, ар бир жолу, ар башка көркөм боектор менен сүрөттөдү» (1, 101-б.).

Адабиятчы акындын көлгө арналып жазылган ырларына берген баамында поэзиянын көлдөй терендигин айтуу менен башка ырларына анча маани бербей беделин түшүрүп жиберген сыяктанат. Акындын ырларын көлдүн тереңдигине салыштырбаганда да, анын Ата Журтка, Ысык-Көлгө болгон чексиз сүйүүсүнөн ырларынын мазмунун тереңдигин көрө алабыз. Көл менен Алыкулдун көркүн айтканы да, тышкы кебете-кешпирин одоно салыштырат.

Акындын өңүнүн серттигин, өтө түнт мүнөздүү экендигин, бирок ошол мүнөзүнө жараша, муздак таштай туюлган жүрөгүнө улуу махабат түнөгөндүгүн акындар жашырбай жазып келишет. Көл жөнүндө көп жазса да дегени, акын пейзаждык лирикага ашыкча басым жасагандыгын айгинелегенсийт, тагыраак айтканда, бир-эки эле ыр менен көлдүн сулуулугун жазганда жетишээрлик болмок деген ойду айткандай туюлат. Алыкулдун жыйырмадан ашуун көлгө арналып жазылган ырларынын ар бирин, керек учурда ар бир сабын талдоого алганда гана ырдын ажары ачылат деп ойлойм. Ошентсе да, ыр өзүнүн табиятына ылайык сөздөр менен гана талданууга тийиш экендигин сынчылар баса белгилешет.

Акындын «Адамзат» аттуу ырына белгилүү адабиятчы, Бектурсун Алымов мындайча пикир айтат: «Бул ыр жөнүндө сөз козгоого батына да албайсың. Ушунчалык залкар ойду бар болгону төрт куплет ырда камтууга кудурети жеткен акындын канаттуу кыялына бөгөт болуп, бузуп коембу деп чочуйсуң.

«Адамзат», «Ата Журт» деген ырлардын төркүнү менен түйүнү барып-келип бир жерден чыгат. Асыл акын бүт өмүрүн, тунук сезимин, акылын, баарынан мурда баасы кымбат эң аялуу нерсеси болгон – жакшы ырларын ошол Ата Журт менен элге – адамзатка арнады» (1, 93-б.).

Чындыгында эле, адабиятчынын тайсалдап чочулоосунда жүйөлүү себеп бар. Мындай улуу поэзияны талдоого алуу, талыкпас эмгекти, чаалыкпас мээнетти талап кылат. Ошондуктан, белгилүү сынчы-адабиятчылар да акындын ырларынын беделин түшүрбөөгө аракеттенишип, өтө аяр, кылдат мамиле кылышкан учурлар көп кездешет. Дегеле Б.Алымовдун акындын чыгармаларына карата айтылган ой-пикирлерин жалпы талдоого алсак, ар бир чыгармасынын өз деңгээлин белгилеп, окурмандын табитин ага жараша тарбиялайт. Акындын бүтүндөй чыгармачылыгына кайрылган адабиятчынын пикирин толук талдоого алып, кеңири сөз кылууга арзыйт. Анткени, кеп чынынан бузулбайт демекчи, анын баамында акындын терең мааниге эгедер, Ата Журтуна калтырган соолбос сүйүүсү болгон ырларынын көркөм-эстетикалык өзгөчөлүгүн, бийиктигин реалдуу чындыктын негизинде баса көрсөткөн. Мындан тышкары белгилүү адабиятчы Т.Мусамбетовдун эмгегинен

акындын улуулугуна таазим этип, эрксизден ага багынгандыгынан кабардар болобуз. Ушул ойдон улам менин баамымда, адабиятчылар Б.Алымов менен Т.Мусамбетовдор акынга болгон бийик ойлору көкөлөй учуп барып бир жерден кайчылаш кезигишип, экөө бирдей Алыкулдун улуулугун жар салгансыйт.

Белгилүү акын Т.Үмөталиев 1946-жылы «Ленинчил жаш» газетасына жарыялаган сын макаласында Алыкулдун замандашы катарында өз оюн мындайча билдирген «Жаңы формаларды табуу жагынан Алыкул кыргыз поэзиясында эң алда турган ойчул акын, философ акын – ырларды түзүүнүн устасы. Акын боломун деген талапкер Алыкулдан окушу керек» (2, 59-б.).

Мындай жылуу пикирлер Алыкулдун көзү тирүүсүндө эле айтыла баштаган. Ал кезде акын кыргыз журтчулугуна өзүнүн сиңимдүү ырлары, белгилүү котормолору менен аттын кашкасындай таанымал болуп келген. Ырас, акындын айрым бир ырларында анча олуттуу мааниге ээ болбогон мүчүлүштөр бар, тагыраак айтканда, анын алгачкы жазылган ырларында байкалат. Бирок ал өңдүү кемчиликтер акындын жалпы эмгегине же адабияттан алган ордуна анча таасир этпейт деген ойдомун. Жогорудагыдай негизде айтылган ойдон улам Б.Алымовдун улуу поэзиянын башка поэзияга таптакыр окшошпогондугунан кабар бергендигин окурман жүрөгү менен туюп келет. Сынчылардын айрымдары өзүнүн дараметине, табитине жараша чыгарманы калыстык менен талдоого алса, кээлери чыгармага үстүртөн баа берүү менен чектелген учурлар кездешет. Мисалы, белгилүү акын М.Алыбаевдин 1946-жылы «Кызыл Кыргызстан» газетасына жарыялаган «Мааниси жок махабат» аттуу макаласында өтө одоно дооматтарды коет. Ал акындын «Отуз жаш» аттуу ырын талдоого алып: «Отуз жашында эле кайгырып, карылыкка моюн сунду, жыргал заманыбызда мындай асан-кайгыга берилүү жакшы жорук эмес», - дейт (М.Алыбаев, 2, 63-б.). Ошол учурду алып карасак, согуш жылдарынан кийин элдин жыргап-куунаганга деле шайманы келбей, кайра куруу мезгилин башынан кечирип жаткан кези эле. Ал мезгилди эсепке албаганда да, акын чыгармаларында өз турмушуна тыгыз байланышкан, окуган адамдын жан-дүйнөсүн козгой турган көркөм-дүйнөнүн татаалыдыгын туюнтат. М.Алыбаев Алыкулдун татаал тагдырын түшүнгүсү келбей, ал кыйынчылыктардан улам турмуш сыноосунун элегинен өтүп, бышып жетилип, анын негизинде кайталангыс, көөнөргүс чыгармалар жаратканын таныш, бир-эки ырын талдоо менен эле жалпы чыгармачылыгына залал келтирет.

Акындын «Отуз жаш» ырын алсак, албетте, башында адам өмүрүнүн тездигин, жашоонун кыскалыгын метафоралык образ аркылуу берет. Бирок М.Алыбаевдин ырдын биринчи куплетин сынга алуу менен эле ырдын бүт турпатын баалоо туура эмес. Анткени, акын андан аркы ыр саптарында тагдырдын жазымышына таарынса да, ага моюн сунбай, тирүүлүккө, эсенчиликке бел байлайт. Өмүрдүн зымырык куштай тездигин, учу-кыйрысыз чексиздигин, эмгектин, чыгармачылыктын, анын ичинде өзүнүн чыгармаларынын түбөлүктүүлүгүн жар салат. Акын кезегинде ырларына карата айтылган жогоркудай сын көз караштарды туура кабыл алган. Муну айтканыбыздын жүйөлүү себеби, ал 1941-жылы «Лирика» аттуу кол жазмасын бүтүндөй өрттөп жиберген. Ал өзүнүн жазганына өзү ыраазы болбой, өзүн

кыйноо менен изденүүнүн кыйын жолдорун басып өтүүгө бел байлап, жаңылануу жолуна түшкөн. Изденүүнүн жогорудагыдай шартына Алыкулга окшогон гана эрки күчтүү, өз дараметине, талантына толук ишене алган акын гана көнө алмак. Бул ойду дагы анын «Китебиме» деген ыры бекемдейт. Анда анын алгачкы чыгармалары анчейин талантынан үзүндү экендигин, келечекке зор үмүт менен карап окурмандар алдында бекем убада бергенсийт. Кийинки жылдарда жазылган чыгармаларынан акындын кайрадан жаралышын, жаңылануу жолдорун көрөбүз. Ошентип, үзүрлүү эмгек жолунда ал убаданын өтөөсүнө чыгып, калың кыргыз журтчулугуна түбөлүк белек тартуулады. Дегеле, чыгарма талдоодо анын кандай шартта жазылганын, жүйөөлүү себебин эске алуу мүнөздүү. Ошондо гана чыгарма калыс баада калчанып, туура жыйынтык чыгат деп айтууга болот. Ушул негизде Т.Аскаров: «Азыр биз үчүн адабий сындын сабаттуулугу адабиятчы менен сынчынын профессионалдык камылгасы жөнүндөгү маселе эң актуалдуу», - дейт (3, 21-б.).

Эми Алыкулдун чыгармаларынын кандай шартта жазылгандыгы, кандай чыгармачылык негизге таянгандыгы жана эмне түрткү болгондугу тууралуу учкай сө кылалы. Акындын дүйнөлүк көз карашын жана көздөгө максатын анын чыгармачылык өнөрканасы аркылуу так, дааны ачып бере лаган жазуучу Кеңеш Жусуповдун «ыр сабындагы өмүр» аттуу эмгеги жогорудагы айтыла турган ойду канааттандыраарлык деңгээлде толуктай алат. Акын «Абылкасым Жанболотов» деген пьесасында Абылкасым акындын сөзү менен өзүнүн Пушкинге болгон оюн мындайча билдирген экен: «Поэзияга ичи тарлыгым бала кезимден бар эле. Менөтө жаш баштадым. Кандай гана акын болбосун анын кандайдыр бир кемчилигин таап, көңүлүн калтырууну жакшы көрөр элем. Нечен ирет Пушкинди жаман көргүм келди. «Ай бул деле бир акын го» деп айткым келди, нечен ирет өзүмдүн бир кашык деңизиме чөктүргүм келди». К. Жусупов ушундан улам төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: «Улуу окутуучунун чымындай жанын, ырга багыштаган өмүрүн, тынбаган эмгегин эстегенде өзүнүкү менен салыштырганда, Алыкул чын дити менен ичтен сыза уялган, арданган» (К. Жусупов 3, 25-б.).

Жогорудагы мисалдан алып караганда Алыкул Осмонов өз кезегинде сынчылык өнөр менен акындык өнөрүн айкалыштыра билген деген ойду айтсак болот. Болбосо, кандай акын улуу акындардын чыгармачылык күчү менен теңтайлашып, керек учурда аларды өзүнүн деңгээлинен төмөн коюп, акырында ага калыстык менен баа бере алат?... Бир жагынан Алыкул өз акындык табиятын улуу Пушкинге салыштыруу менен тарбиялаган.

Акындык табитти тарбиялоо, демек, ошол таалим-тарбия алып жаткан чыгармачыл адамдын деъгээлин туура сын көз караш менен тунук көрө билүү, ошол адамдай болууга бар кудуретин салуу жана талыбас эмгектин натыйжасында көздөгөн максатка жетүү дегендик.

Алыкул 1937-жылы Пушкиндин эстелигинин алдында туруп, «Сен жана мен» деген ырын жазынтыр. Анда адамзат үчүн бир жаралган таланттын улуулуган айтып. Аны кол жеткис бийиктикке салыштырып, ырлары ар кайсы тилде окулаарын баса көрсөтүп, аны менен сырдашып, ага таазим эткен. Ушул жерден К. Жусупов акындын «Сен жана мен» деген ырынын көкрөмдүгү солгунураак болсо дагы андагы жаш калемдин зарлаган тилеги, келчектен зор үмүткөрлүгүн өзгөчө белгилейт. Ырдын көркөмдүк касиетинин солгун чыгын калышы дегени ошол жаш калемдин зарлаган тилегинен жана жазуучунун өтө чебер баяндаганынан улам анча деле көзгө урунбайт. Тескерисинче, улуу

акындын улуулугун даңазалагандыгы ырды көркөмдүк жактан кооздоп тургандай сезилет

Алыкул Пушкиндин ыр жазуу ыкмаларына чейин өтө кылдаттык менен маани берип, керек болгон жерде анын кайра-кайра оңдоолору, бири-биринин үстүнө жабыштырылган ырлары, улам-улам өчүрүлө берген жерлери, ойлогон оюн ыр саптары аркылуу бере албаса аны кара сөз менен жазып коюшу да акынга зор таасир этип, ого бетер сугун арттырган. Муну менен биз Алыкулду улуу акынды «туурап жазган» деп айтуудан алыспыз, тескерисинче, чыгармачылыктын татаал ары түйшүктүү жолуна түшүп, анынкыйынчылыктарын жеңип, ойлонуп-толгоонуунун натыйжасында кылкылдаган ыр кемеге түшүп, ташкындаган таланты менен уламдан-улам терең сүзгөн Пушкиндин акындык өмүр жолун талдоого алып, аны акындык чеберчиликте өз өмүрүнүн үзүмүндө иш жүзүндө колдонулуп, улуу окутуучудан акыл-насаат үйрөнгөн.

Ушул негизде Алыкул ошол талбас эмгекке, анын мөмөлүү жемишине өтө калыстык менен баа бере билген. Алыкул Осмоновдун улуулук даражага жетишине залкар сөз зергерлеринин түздөн-түз тийгизген таасири зор деп айта алабыз. Чыгармачылык өмүрүнүнбышып турган мезгилинде акын өзү жөнүндө, өзүнүн өлбөс-өчпөс ырлары жөнүндө көп жазган.

Менин күнүм, өлбөсүнө түңүлбөйт,
Толкун урса тайызына сүрүлбөйт.
Тирүүлүккө жоктугуна жол бербей,
Жер түбүндө чириче да бир гүлдөйт («Менин күнүм» 3,25-б.).

Алыкулдун чыгармачылык күндөрү азыр да биздин арабызда жашап, эскерилип, ырларын көл толкундары жээкке сүрмөк турсун, тескерисинче улам терендикке алып жөнөп, ал эми алар тууралсында сын макалалар, илимий эмгектер жазылып, жарык көрүп жатышы улуу эмгектин бир эмес, миң ирет кайра-кайра жаңырып гүлдөп жатканынан кабар берет.

Акындын 1937-жылдын 12-январында жазган күндөлүгүндө: «Адамдын асыл сапаты – бар кудуретин бир максатка жумшо» – деген нуска сөз жазылуу (к.Жусупов, 3-30-б).

Акылмандардын нуска сөзүнө жык толгон чөнтөк дептерин ал дайыма жанына салып жүрчү экен. Алыкул жогорудагыдай нуска сөздөрдү көңүлүнө түйүү менен андан ары арышын улап, эң биринчи ыры жарык көргөн күндөн баштап болгон дараметин чыгармачылыкка жумшап, өзүнүн аз жашап өткөн өмүрүндө асыл сапаттын ээси болду. Акындын чыгармачылыгына алгачкылардан болуп кайрылган Р. Кыдырбаева өзүнүн эмгегинин акырында мындай дейт: «Заслуженной любовью в настоящее время пользуется и широко бытует замечательная поэзия А. Осмонова. Со временем все больше и больше начинает он привлекать читателей своей лирикой, круг почитателей его таланта с каждым днем увеличивается. И это понятно, такая чистая и светящаяся всеми цветами радуги поэзия, не могла и не может остаться незамеченной» (Р. Кыдырбаева, 4, 108-б.).

Жогорудагы айтылган ой жарым кылым мырдагы сын пикирлерден кабар берсе да, кечээ жакында эле айтылгандай сезилет. Ошол кездерде белгилүү сынчы-адабиятчылардын айткан жүйөлүү ойлорун азыркы учурдун адабиятчылары андан ары дагы терендетип, бир ооздон улуу поэзиянын түбөлүктүүлүгүн жар салышат. Азыркы учурда ар түрдүү боектор менен жуурулушкан акындын бүткүл чыгармачылыгы ар атаптуу талданып келет, тактап айтканда, кээ бир сынчылар поэзиянын тилине кайрылууга кызыгышса,

кээлери көөнөргүс котормолоруна, кээ бирөөлөрү поэмаларын талдоого алып келүүдө.

Жыйынтыктап айтканда, А.Осмоновдун чыгармачылыгын толук талдоого алууда талыбас эмгекти талап кылуу менен келечекте көптөгөн илимий эмгектерди жазуууга акындын чыгармаларынын көрөңгөсү түгөнбөйт.

## АДАБИЯТТАР

1. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы. II китеп. –Ф.: «Мектеп», 1984.
2. Мезгил жана Алыкул. Түзгон Памирбек Казыбаев. –Ф.: «Адабият», 1990.
3. К.Жусупов. Ыр сабындагы өмүр. Ф: «Мектеп», 1980.
4. Р.З. Кыдырбаева. Лирика Алыкула Осмонова. Фрунзе: 1957.
5. Эркебаев А. Сын жана сынчылар. –Ф.: «Кыргызстан», 1986.